DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2019

# ЮРИДИКА ИЛИМДЕРИ
# ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ
# LEGAL SCIENCES

*Адылова Н.А.*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ МЫЙЗАМДЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

*Адылова Н.А.*

## СТАНОВЛЕНИЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВА О ПРОТИВОДЕЙСТВИИ ЭКСТРЕМИЗМУ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*N.A. Adylova*

## THE ESTABLISHMENT OF CRIMINAL LEGISLATION ON COUNTERING EXTREMISM IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 343.2/.7*

*Макалада Кыргыз Республикасында экстремизмге каршы мыйзамдын түзүлүшү каралган. Кыргыз мамлекеттигинин тарыхындагы салттык периодизация эске алып, автор тарабынан экстремизм феноменин өнүгүшүндө жана ал жөнүндө мыйзам калыптоонусунда үч негизги мезгил белгиленген: Россия Империясына кирүүгө чейинки, советтик, постсоветтик. Кыргыздардын укуктук ченемдерине өзгөчө көңүл бөлүнүп, экстремизмге каршылык көрсөткөн укуктук ченемдерге автор тарабынан анализ жүргүзүлгөн. Мындай суроону изилдөөдө дал ошондай ыкманы колдоону оң көрүнүш болуп саналат, анткени ал экстремизмге каршы мыйзамдын түптөлүшүнүн байыркы замандан ушул күнгө чейин өзүнө камтыйт. Ошону менен бирге коомдун белгилүү периодундагы өнүгүсүнө таандык ар бир мыйзамга аныктама берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *экстремизм, түзүлүш, каршылык көрсөтүү, мамлекет, диндик, эволюция, өнүгүү, этностор аралык, кыргыз мамлекеттиги, саясий экстремизм.*

*В статье рассматривается становление законодательства о противодействии экстремизму. Принимая во внимание традиционную периодизацию отечественного государства и права в истории кыргызской государственности, автором выделены три основные периоды развития феномена экстремизм и формирования законодательства о нем: период до вхождения в состав России, советский, постсоветский. Особое внимание уделено нормам Обычного права кыргызов, где автором проведен анализ уголовно-правовых норм, оказывающих противодействие экстремизму. Такой подход к изучению данного вопроса выступает положительным моментом в силу того, что охватывает эволюцию анти экстремистского законодательства в период с древнейших времен до наших дней, учитывающая взаимосвязь содержания и тенденций экстремисткой преступности с основными принципами устройства государства в общества. Вместе с тем дается трактовка каждому закону, присущий определенному периоду развития общества.*

***Ключевые слова:*** *экстремизм, становление, противодействие, государство, право, законодательство, религиозная, эволюция, развитие, межэтнические, кыргызская государственность, политический экстремизм.*

*The article deals with the formation of legislation on countering extremism. Taking into account the traditional periodization of the domestic state and law in the history of Kyrgyz statehood, the author identified three main periods of the development of the phenomenon of extremism and the formation of legislation on it: the period before becoming part of Russia, the Soviet, post-Soviet. This approach to the study of this issue is a positive point because it covers the evolution of anti-extremist legislation from ancient times to the present day, taking into account the relationship between the content and trends of extremist crime with the basic principles of the state in society. At the same time, an interpretation is given to each law inherent in a certain period of development of society.*

***Key words:*** *extremism, formation, counteraction, state, law, legislation, religious, evolution, development, interethnic, Kyrgyz statehood, political extremism.*

Бүгүнкү күндө иштелип жаткан экстремизмдин илимий жана практикалык аныктамасы, бул тармактагы укуктук каршы иш-аракеттердин ченемин салыштырмалуу өсүүсүн, укуктук ченмдердин пайда болуу жана өнүгүү баскычтарын, кылмыш үчүн болгон жоопкерчиликти, мамлекеттин кызыкчылыгына коркунуч келтирген, этникалар арасында жана диндер

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



арасындагы өз ара мамилелерди жөнгө салат. Каралып жаткан саясий, диндик жана этникалык маселелер, жогорудагы кылмыштар үчүн жоопкерчилити бекитүүчү ченемдерди изилдөөгө көңүл буруу керектигине басым жасайт. Бирок экстремизм феномен катары, азыркы убактагы иштеп жаткан укуктук интерпретация коомдун жана мамлекеттин баардык өсүү баскычтарында болгон. Бул бир гана укуктук булактарды изилдөө эмес, ал же башка убактагы социалдык-саясий абалды да изилдөө керектигине чакырат.

Ата-мекендик мамлекетти жана укуктун кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында салттык өсүүсү, экстремизм феноменинин өсүү убакытын жана мыйзамдарынын калыптанышын үч негизги бөлүкө бөлөт: Россиянын курамына киргенге чейинки, советтик, советтиктен кийинки.

Элдин бир тарыхый баскычтан экинчи баскычка өтүүсү өзүнчө өзгөчөлүкө тигил же бул себептер менен ээ. Бул кайсы гана эл болбосун тарыхый өзгөчөлүгүн камсыздайт, анын баардык тармагы менен. Кыргыз элинин көчмөн жашоосунун отурукташкан жашоого өзгөрүүсү жыйырманчы кылымдын 30-жылдарындагы коомдун өнүгүүсүнө, совет бийлигинин анын аймагында орногондугуна байланыштуу.

Жазык укугу, кыргыз салтык коомунун укуктук тармагынын бир бөлүгүн түзүүчү катары, Кыргызстанда совет бийлиги орногонго чейин, өзүнүн абсалюттук доминантында адат укугу катары кабыл алынган [1]. Адат укугу – ченемдердин жана адаттардын тармагы, кыргыздардын жашоосундагы социалдык, экономикалык жана руханий жагын, салттык жүрүштуруш эрежелердин тарыхый өсүүсүнүн кандайдыр бир аныкталган баскычында пайда болот, салттык коомду уюштуруучу бийлик түзүмүндө санксияланган.

Кыргыз адат укугунда кылмыш оор жана анча оор эмес болуп квалификацияланган. Оор кылмыштардын катарына: а) ардактуу жана кызмат адамдарынын кызыкчылыктарына кысуу келтирген кылмыштар, б) уруунун ичинде болгон кылмыштар, в) үй-бүлө башчысына каршы кылмыштар, г) кайталанган жана бир канча жолу жасалган кылмыштар, д) курал колдонуу менен жасалган кылмыштар, е) табыгий кырсыктар убагында жасалган кылмыштар кирет. Анча оор эмес кылмыштарга, а) букараларга карата ардактуу адамдар тарабынан жасалган кылмыштар, б) үй-бүлө башчысы тарабынан үй-бүлө курамына карата жасалган кылмыштар [2].

Феодалдык мамлекеттерде болгон, бирок кыргыздарда эсепке алынбаган кылмыштын көптөгөн түрлөрү, борборлоштурулган мамлекеттин жоктугу жана эл уруу жана уруктарга бөлүнгөнү, аларды уруу башчылары бийлегендигин түшүндүрөт. Мисалы ич ара согуштар башкаруу тартибине каршы кылмыштарга кирген. Акыркы кылмыш кыргыздардын жашоосунда Россиянын курамына киргенге чейин көп кездешкен. Болгон окуялардын себеби: таарынчытардын ордун толтуруу, күчү жогураак уруу жана уруктарды өздөрүнө багындырып алуу болгон. Согушкандардын жоопкерчилиги болсо, жеңишке жет-кен тарап, эреже боюнча согуштан келтирилген тассирлерге жооп берген эмес, тескерисинче утулган тараптын үстүнөн бийлик жүргүзүшкөн, аларды тоношкон, а элдерди кулчулука алышкан.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, кыргыздардын жазык укугунда кылмыштын түрлөрү болуп, инсанга каршы багытталган, мүлктүк мамиледеги, коомдук башкаруу тартибине карата, жана жаза тармагы каралган. Экстремистик багыттагы биз изилдеп жаткан кылмыш Россия империясына кошулгандан кийин пайда болгон. Мамлекеттик башкарууга каршы кылмыш деп аталган.

Мамлекеттик башкарууга каршы кылмыштар Россия империясынын мыйзам жоболорунда жана кыргыздардын адат укугунун ченемдеринде каралган, анын жардамы менен коомдук түзүмдүн негизи, мамлекеттик бийликтин органдарынын жакшы иштөөсү, башкаруу тартиби жана сот адилеттигин ишке ашыруу корголгон. Бул коомдук коркунучтуу иш-аракеттер 1903-жылдагы Жазык Кодексинде чагылдырылган. 1845-жылдагы Кодексте, 1903-жылдагы мыйзамда да бир канча мамлекеттик чыккынчылыктын түрлөрү берилген: чыккынчылык, аскердик чыккынчылык жана дипломатиялык чыккынчылык [3].

1903-жылдагы Кодекс көтөрүлүш иш-аракеттеринин жоопкерчилигин регламенттеген бир катар ченемдерди камтыган, алар мамлекеттик чыккынчылыктын курамынан так айырымалаган. Көпчүлүк учурда 3 бөлүмдүн 100 беренесинде “Жогорку Бийлике каршы көтөрүлүш жана Ыйык Император адамына жана император Үйүнүн Мүчөлөрүнө каршы кылмыштуу аракеттер”. 1903-жылдагы Кылмыш Кодексинин 100-беренесин талдоо, мамлекеттик тутумду кылмышту өзгөртүү деп зордукчулдук ыкма менен жасалса кабыл алынган деп айтууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан, каралып жаткан убакта мыйзам жазуучулар тарабынан заманбап экстремизм түшүнүгүнө бирден бир белгиси киргизилген – саясий иш-аракеттерди ишке ашырууда чаралар.

Жазык Кодексинин «Башаламандыктар жөнүндө» V бөлүгүнүн жобосу мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоого багытталган. Мисалы, 121-берене “ачык чогулушка катышуу, Жогорку Бийлики сый көрсөтпөөнү билдирүү же Тактынын мураскерине Негизги Мыйзамда бекитилген башкаруусуна жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



тартибине айып коюу максатында чогулуу, же көтөрүлүшкө жана чыккынчылыка же адамга санаалаштыгын билдирүү, көтөрүлүш же чыккынчылык аракетин камтыган, же ага үйрөтүү, мамлекетте калыптанган коомдук түзүмдү зомбулук менен бузуу, же ушундай жолдогу" [4].

Этно кофессионалдык экстремизмдин пайда болуусу үчүн жоопкерчиликтин мыйзамдуу өнүгүү көйгөйүнө кайрылууда, революцияга чейинки саясат этникалык жана конфессионалдык азчылыкта бирдиктүүлүгү менен айырымаланбаганы жана ага дифференциялдык мамиле негизинде жасалганын белгилей кетишибиз керек. Экстремистик аракеттин диний түрлөрүнүн негизинде гана анын бардыгы же жоктугу коомдук мамилелердин субъектисинин тиги же бул динге мамилесине карата гана койулган. Жаза кодексинин 1966-жылдагы редакциясында диний кылмыштар үчүн жоопкерчилик так жазылган.

1903-жылдагы кодексте дагы динге каршы кылмыштар үчүн жоопкерчилике көңүл бурулган. Бирок көрсөтүлгөн документте, титулдук конфенциянын салттык ченемдерин коргоо менен бирге, башка дин ишенимдерин да коргоого багытталган жоболор пайда полгон.

Ошондой эле, чыгыш чет өлкөлүктүрүнүн бөлүгү, 1822-жылкы "Сибирлик кыргыздар жөнүндө Устав" аталган жобого ылайык, алардын жалпы укуктары жана милдеттери орус жарандары менен бирдей болгон. Мындан тышкары, көчмөн чыгыш чет элдиктерге:

- Өздөрүнүн жеке сыйзамдары жана салттарынын негизинде башкарууга укук берилген;
- Чек арасы аларга тиешелүү болгон, жерге ээлик кылууга жана колдонууга уруксаат берилген жана мыйзам менен корголгон.

Россия империясынын курамына кошулган кыргыз элин, жалпы коомдук жашоого кошуу фактысы менен бирге, алар үчүн жаңы болгон коомдогу мамиленин катышуучусу болгондугу, мызамга шайкеш болгон коштоону талап кылган жана кыргыз салттык коомуна туура келген процесстер кыймылына алып келген.

Мыйзамдардын калыптануу кийинки баскычы 1917-жылдагы саясий экстремистик тармагына каршы аракеттер революциясы менен байланыштуу, бул революциядан кийин коомдун жашоо аракеттери түп тамырынан бери өзгөргөн, мамлекетке каршы кылмыштарга болгон күрөш, мыйзам чыгаруучулардан кылмыш саясатын толугу менен өзгөртүүгө жана бул тапшырмаларды чечүүгө жаңы мамилелерди табууну талап кылган.

Бийлике каршы кылмыштар үчүн жоопкерчиликти бекиткен Советтик мамлекеттин бирден бир биринчи мыйзамдуу актысы деп БАК РСФСРнын Кассациялык бөлүмүнүн 06.10.1918-ж. "Революциялык трибуналдын укук коргоосу жөнүндө" жобону эсептесек болот жана 20.11.1920-жылдагы Революциялык аскердик трибуналдын Жобосу. Коркунуч келтирүү категориясына аталган укуктук актыларга: советтик социалистик түзүлүштү кулатуу үчүн жашыруун сөздөнүү жана көтөрүлүшкө чыгуу; Советтик республикага карата чыккынчылык [5];

Бирок бирден бир совет бийлигинин кодифицированлаган жазык мыйзамы болуп, ачык бийлике каршы кылмыштар регламентацияланган жана көбүрөөк маалымат берилген, 1922-жылдагы Кылмыш Кодексин атасак болот.

Бул мыйзам контрреволюциялык кылмыштын аныктамасын камтыган, «Жумушчу-Дыйкан Кеңешинин бийлигин алсыздандыруу жана жардыруу, түшүрүүгө багытталган баардык иш-аракеттер, эл аралык буржуйлук бөлүгүнө жардамга багытталган, капитализмди алмаштырган коммунистикалык менчик түзүмдүн тең укуктуулугун кабыл албаган жана аны курчоо, шпиондук, камсыздандыруу жолу менен түшүрүүгө аракет кылган ж.б".

Мыйзамдарга каралган кээ бир ченемдер этноконфенссионалдык экстремизмге каршы багытталган. 1922-жылдагы РСФСР ЖК 83-беренесинде улуттук каршылаштыкты козгоо жана бөлүүнү камтыган, үгүт иштери жана жарыялоонун жазасы аныкталган.

1926-жылы РСФСРдин жаңы Жазык кодексинин күчүнө кириши СССРде пайда болгон жана жаңы союздук Конституциясынын кабыл алынышы менен байланыштуу болгон.

Каралган мыйзам советтик территорияга куралдуу топтордун контреволюциялык максатта куралдуу кириши жана көтөрүлүшү үчүн жоопкерчиликти караган, ошол эле максатта борбордук жана жергиликтүү бийликти.

1926-жылдагы РСФСРдин ЖКси этноконфессионалдык экстремизм үчүн жоопкерчилик ченемин камтыган. 1926-ж. ЖКсинин 59, 7-беренсинде "улутук жана диний каршылыкты жана бөлүүнү козгоого багытталган, жарылоо жага үгүт, ошого барабар ошондой мүнөздөгү адабияттарды сактоо жана даярдоо - эки жылга чейин эркинен ажыратууну камтыган [6].

Мурунку мыйзамга караганда, 1960-жылдагы Жазык кодексинин идеологиялык түзүмү азыраак каныккан болгон. Акыркы СССРдин кылмыш кодексинин кайра түзүлүшүнө 1958-жылдагы мамлекеттик кылмыштар үчүн жоопкерчилик мыйзамынын таасири тийген, анада 11-беренеде улуттук жана диний каршылыкты жана бөлүүнү козгоого багытталган, жарылоо жага үгүт жүргүзүү үчүн жаза каралган, ага

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



барабар – түз жана кыйыр жарандардын рассалак жана улуттук таандыгына таасирин тийгизген укугун жана түз жана кыйыр пайдасына чектөө койю [7]. Бул ченемдик акт “контрреволюциялык кылмыштар” түшүнүгүн “өтө коркунучтуу мамлекеттик кылмыштарга” да алмаштырган жана толугу менен 1960-жылдагы ЖУ киргизилген.

Жогоруда жазылгандарды резюмелеп жатып, совет доорунда коомдун өнүгүүсүнүн жөнөкөй эмес мүнөзүнө карабай, экстремизмге каршы күрөш ишиндеги СССРдин саясий окуусу баалуу тажырыйбаны алууга мүмкүндүк бергенин белгилей кетишибиз зарыл.

Экстремизмге каршы күрөш мыйзамдардын кийинки баскычы 1993-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен байланышкан, бир катар туура келген мүнөздөгү жоболорду камтыган.

Жемиштүү укук чыгармачылыгынын иш аракеттери 1997-жылдагы Кылмыш кодекси гана эмес, жалпы мыйзампроектеринин саптары да эсептелинет, алардын ар бири экстремизмге окшогон дүйнөлүк кылмыштарга каршы аракеттердин каражаты болуп бере алган..

Экстремистердин иш-аракеттери саясий аймакта ар дайым көңүлдүн борборунда болгон. Экстремизм бийликтин субъектилерине баардык убактарда бир далай коркунуч алып келгени менен түшүндүрүлгөн.

Кыргызстандын тарыхында коомдук мамилелердин субъектилеринин жүрүм-турумунда экстремисттик коркунучтун бардыгы көп учурда алардын тиги же бул диний топтордо бардыгында болгон. Саясий кылмыштар жана мамлекетке каршы түзүлгөн кылмыштар бир коркунуч келтирүү объектисин камтыган. Ошонун негизинде, ушул себептен конфенсиялык элемент экстремизм түшүнүгүнүн курамына киргизилген.

Экстремизм булактары “четки” нерсе катары ар дайым жалпы кабыл алынган ченемдерге каршы турган. Анти экстремистик мыйзамды кабыл алуу мамлекет өз коопсуздугунан тынчсызданганынан келип чыккан. Бийлик өкүлдөрү мындай жөнөкөй эмес көрүнүштөн ар дайым коркуп келишкен, анткени алар болуп жаткан абалды коркунучка алып келген. Экстремистер “жашоочуларга” жыйынтыктуу, баардык көйгөйлөрдү чечүүнүн жөнөкөй жана тез жолдорун сунуштоо менен, өздөрүнө барган сайын көп жактоочуларды табат.

Азыркы убакта элдердин ой жүгүртүүсүндө бул көрүнүштү масштабдуу түрдө кабыл алуу башталды, каршы аракеттерди жүргүзүү үчүн бир гана жазык-укуктук каражаттар гана колдонулбастан, криминологиялык жана социалдык да каражаттарды колдонуу зарыл. Бул нерсени экстремизмге каршы туруучу иш-аракеттер, мыйзамдардын кеңейтүүсү тастыктайт.

**Литература:**


1. Нуриев Д.Ш. Становление и развитие уголовного права Кыргызской Республики. Автореф. дисс. канд. юрид, наук. - Бишкек, 2015. https://bilim.akipress.org/lib/book:1298 /nuriev-d-sh-stanovlenie-i-razvitie-ugolovnogo-prava-kyrgyzskoj-respubliki/
2. Борубашов Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства (1855-1917 гг.) Автореф. дисс. док. юрид, наук. - Бишкек, 2009. http://lawtheses.com/gosudarstvenno-pravovoe-regulirovanie-obschestvennyh-ot-nosheniy-kyrgyzov-v-sostave-rossiyskogo-gosudarstva
3. Борубашов Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений Кыргызов в составе Российского государства (1855-1917 гг.) Автореф. дисс. док. юрид, наук. - Бишкек, 2009.
4. Чистяков О.И. Отечественное законодательство XI-XX в: Пособие для семинаров. Часть 2 (XX в) - М.: Юрист, 2000. - С.115.
5. Чистяков О.И. Российское законодательство X-XX в. Т.9. Законодательство эпохи буржуазно-демократической революции. - М., 1994.
6. Собрание узаконений Рабочего и Крестьянского Правительства РСФСР (далее - СУ). 1919. №58. Ст. 549.
7. Узденов Расул Магометович диссертация ... кандидата юридических наук: 12.00.08 Москва 2008 https://www.twirpx.com/file/1518056/
8. Салимов А.А. Экстремизм: проблемы правового регулирования. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. - №10.
9. Кылычбеков М.Ш. Современное состояние правового регулирования борьбы с религиозным экстремизмом в Кыргызской Республике. / Известия вузов Кыргызстана. 2017. - №9.